Cultural System https://versita.com/bjp/view-artical/?s_id=1235 [Electronic resource] // Baltic Journal of Law and Politics. – Kaunas, Lithuania. -2023.

УДК 316.485:323.22
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-127-132

**Токонова Медина Асангазиевна**
Кыргыз-Түрк Манас Университети, Ислам таануу кафедрасы, магистрант
**Токонова Медина Асангазиевна**
Кыргызско-Турецкий Университет Манас, кафедра исламоведения, магистрант
**Tokonova Medina Asangazievna**
Kyrgyz-Turkish Manas University, Department of Islamic Studies, master student

# ДИНИЙ РАДИКАЛИЗМ, ЭКСТРЕМИЗМ, ТЕРРОРИЗМ ТҮШҮНҮГҮ
# ПОНЯТИЕ РЕЛИГИОЗНОГО РАДИКАЛИЗМА, ЭКСТРЕМИЗМА И ТЕРРОРИЗМА
# THE CONCEPT OF RELIGIOUS RADICALISM, EXTREMISM, TERRORISM

**Аннотация:** Макалабызда диний радикализм, экстремизм, терроризм жөнүндө сөз кылабыз. Бул терминдер канчалык деңгээлде башкача аталыштарда болгону менен жалпылап караганда бири бири менен тыгыз байланышта экендигин байкай алабыз. Ошондой эле бул байланыштарды мисал берип кыскача көрсөтүп берүүгө аракет жасайбыз.

**Аннотация:** В нашей статье мы говорим о религиозном радикализме, экстремизме и терроризме. Хотя эти термины имеют разные названия, мы видим, что они тесно связаны друг с другом и мы постараемся кратко показать эти связи на примерах.

**Abstract:** In our article we talk about religious radicalism, extremism and terrorism. Although these terms have different names, we see that they are closely related to each other. And we will try to briefly show these connections with examples.

**Негизги сөздөр:** радикализм, экстремизм, терроризм, куран, жихад, салттуу ислам.

**Ключевые слова:** радикализм, экстремизм, терроризм, коран, джихад, традиционный ислам.

**Keywords:** radicalism, extremism, terrorism, quran, jihad, traditional islam.

Негизи эле радикализм, экстремизм, фундаментализм, терроризм ж.б.у.с. терминдерди коомубузда кездештирбей коюу мүмкүн эместей. Өлкөбүздө акыркы жылдары диний багыттагы көптөгөн агым, жамааттар пайда болуп жаткандыктан, бул терминдер менен көп кездешип келебиз.

**Радикализм.** Радикализм, латын тилиндеги radix- тамыр деген маанини билдирген сөздөн келип чыккан. Буга мисал катары айта турган болсок, кимдир бирөө жашоосундагы же айлана-чөйрөсүндөгү көрүнүштү туура эмес деп эсептеп, аны түп тамырынан өзгөрткүсү келсе, ал радикал катары эсептелет. Демек биз, кандайдыр бир көз караштарга, идеяларга болгон компромисстик мүнөздөгү эмес, чектен чыгып берилгендикти радикализм деп айтсак болот. [1, 106-109-б.]

«Динге негизделген радикализм» чындыгында талаш-тартыш жараткан эң чоң темалардын бири. Бул тема боюнча эки түшүнүк бар. Биринчи түшүнүктөгүлөр дин

радикалдашууга алып барат деп, динди радикалдашуунун булагы катары көрсөтүшөт. Бул көрүнүштү түшүндүрүү үчүн «диний радикализм» деген терминди колдонушат. Ал эми экинчиси болсо, радикалдашууга дин эмес, башка факторлор таасирин тийгизээрин айтышат.

Диний радикалдашуу көбүнчө адамдар өз динин ыңгайлуу жашай албаган, алардын сезимдери жана ырым-жырымдары жарым-жартылай же толугу менен бөгөттөлгөн мезгилде жана ошол жерлерде пайда болот. Мындан тышкары, диний тексттердеги кээ бир сөз айкаштарынын түрдүүчө чечмелениши адамдарды зордук-зомбулукка алып келет. Мисалы, Курандын Ниса (4/89-91-аят) жана Тообо (12/29-36-аят) сүрөлөрүнүн кээ бир аяттарында Алла жолунда жихад кылуу жана душмандарды жок кылуу жөнүндө айтылат. Диний радикалдашуу тынчтыктын жана стабилдүүлүктүн булагы болгон диндин өзүнөн эмес, ошол динди карманган адамдардын динди кандай түшүнүп, кандайча кармаганынан, алардын мамилесинен, чечмелөөсүнөн жана чечмелөөнүн жыйынтыгынан келип чыгат.[2,187-б.]

Кыргызстанда бул диний радикалдашуу процесси табигый түрдө үстөмдүк кылган ислам аркылуу таанылып жатат. Радикалдуу түрдө исламды түшүнүү, диндин пенде менен Алланын ортосундагы мамилени гана эмес, бардык нерсени камтыган жол көрсөтүүчү экенин кабыл алып, жарандык коом менен саясий коомду бөлбөстөн, жеке жана коомдук турмуштун этаптарынын бардыгы Исламга ылайык иштеши керек деген идеяга негизделген.[3, 18-б.]

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетип, дин тутуу жана диний уюмдарга уруксат бергенден кийин ар түрдүү көз карашты топтор өз саясатын экспорттоого аракет кылган. Атайын миссионерлердин аракети менен башталган саясий исламдын реакциячыл радикал концепциясы диндин саясий максатта колдонулушун тездетүүчү таасирин тийгизген. Натыйжада Аль-Каида, Талибан Кыймылы, Чыгыш Түркстан Ислам Кыймылы, Күрт Элдик Конгресси, Чыгыш Түркстанды Бошотуу Уюму, Хизбут-Тахрир-Аль-Ислами, (Ислам Боштондук Партиясы), Жихад Тобу, (Ислам Жихадынын Бирикмеси), Түркстан Ислам Партиясы (Өзбекстан Ислам Кыймылы)[4] жана башка ушул сыяктуу кээ бир уюмдар да үндөрүн жеткирүү үчүн пайда болушту. Азыр адамдардын көпчүлүгү каапыр болгонун жана Исламга чейинки жахилият мезгилине окшош экенин айтып, түзүмгө жана коомго каршы позицияны карманып, өздөрүн андан алыс кармашкан. Алардын ою боюнча, бул аймактар «дарул-харб» тагыраак айтаканда согуш аймагы болуп саналат, анткени өлкөдө Ислам өкүмдөрү колдонулбайт жана мусулмандар коопсуз болгондуктан ар бир жасала турган иш-аракет зордук-зомбулукту камтыса да жаиз/уруксат.[5, 188-б]

Экстремизм латын тилиндеги extremus — “ашкере, чектен чыгуу, аша чабуу” деген мааниге келет. Кээ бир булактарда чектен чыккан көз-карашка жана радикалдуу аракеттерге ыктоону да экстремизм деп айтышат.[6, 29-б.]

Ошондуктан жеке адамдар да, уюмдар да, негизинен саясий жана диний уюмдар экстремизмге дуушар болушат. Экстремизм – коомдун бардык чөйрөлөрүнө: маданиятка, экономикага, саясатка, эл аралык жана конфессиялар аралык мамилелерге кире алган өтө татаал жана көп маанилүү көрүнүш.[7]

Кыргыз Республикасында дагы бул терминге укутук аныктама бергенге аракет жасашкан. Бул аныктаманы берүү үчүн, негизги түшүнүктөрдү ачыктап беришкен. Эгер биз бул терминди кыскартып айта турган болсок, экстремизм бул коомдун, уюмдун, ишкананын же болбосо жеке адамдын:

*Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн күчкө салып өзгөртүү жана бузуу, коопсуздукту бузуу жана коркунуч жаратуу, бийликти басып алуу, куралдуу түзүлүштөрдү түзүү, террористтик аракеттерди ишке ашыруу, расалык, улуттук же диний араздашууларды козутуу, ошондой эле күч колдонуу же күч колдонууну үгүттөө, улуттук ар-намысты кемсинтүү, массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоо уурдап, талап-тоноо жана динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоону экстремизм деп айтабыз.*

Биздин изилдөөбүз жана багытыбыз дин болгондугу үчүн диний экстремизмди ачыктап берүүнү туура көрдүк. *Диний экстремизм* – диний бирикмелердин, уюмдардын же болбосо адамдардын диний мамилелерде чектен чыккан көз-караштарга жана радикалдуу аракеттерге ыктоосу. Башкача айтканда адамдардын диний китептерди чечмелөөдө, диний мамиледе радикалдуу ыкмаларды тандоосу диний экстремизм болуп саналат.

Бүгүнкү күндө кандайдыр бир мыйзамсыз максатка жетүү үчүн мыйзамсыз уюштурулган иш-чараларды да экстремисттик деп айтууга болот. Мындай иш-чаралар же митингдер канчалык денгээлде зордук зомбулуксуз болсо дагы, экстремисттик түшүнүктү билдирет жана ага карата мыйзам бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат.

Коомдо экстремизм эмне себептен пайда болот. Ага кайсы факторлор таасирин тийгизет бул дагы абдан маанилүү суроолордун бири болуп саналат. Бул факторлорду төмөнкүчө айтсак болот: социалдык, экономикалык кризистер, саясий структуранын бузулушу, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, бийлик тарабынан оппозициянын жана эркин ойлонуунун куугунтукталышы, улуттук эзүү, өз маселелерин чечүүнү жана максаттарды ишке ашырууну тездетүү үчүн саясий партиялардын жана топтордун лидерлеринин амбициялары ж. Б. Экстремизмдин социалдык базасын түзүүчүлөр: калктын чектен чыккан көз караштагы катмарлары, улутчулдук жана диндик кыймылдардын өкүлдөрү, интеллигенттердин жана студенттердин үстөмдүк кылган тартипке наразы болушкан жана кээ бир аскер бөлүктөрү.

Жогоруда экстремизм жана анын түрлөрү пайда болуусу тууралуу сөз кылдык эми кийинки маанилүү темаларыбыздын бири болгон терроризм терминине токтолобуз.

**Терроризм**

Террор деген сөз латын тилинен «terrere» деген сөздөн келип, «коркутуу жана токтотуу» деген маанини билдирет. Дагы да кененирээк айта турган болсок; ашкере коркутуу, террор абсурд деп аныкталат жана бул үчүн жарадар кылуу, жок кылуу жана өлтүрүү жүрүм-турумдары деп белгилөө мүмкүн.[8, 26-б] Террор – саясий максатты көздөгөн, тынчсыздануу жаратып, кимдир бирөөнүн каалоосун кабыл алуу же кимдир бирөөнү жазалоо үчүн уюштурулган ыкма, адатта күч жана зордук-зомбулук көрсөтүү. Ал мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан окуялардан алынган иш-аракеттин бир түрү катары аныктама алган.

Көбүнчө бири-бирин алмаштырып колдонулган террор жана терроризм деген сөздөрдүн маанилик байланышы боюнча толук бирдей көз караш жок. Терроризм террордун бир топ уюшкан түрү катары кабыл алынса, кээ бир изилдөөчүлөр «турмушту же дүйнөнү кайра калыптандыруу жана өз максаттарында ишке ашыруу» деген маанини билдирген терроризм сөзүнүн аягына «-изм» деген суффикстин кошулушун лингвистикалык ката катары көрүп каршы чыгышат.[9, 30-31-б] Анын жүйөсү: «Терроризм идеология, доктрина

же философия боло албайт». Бирок терроризм деген сөз көптөгөн булактарда жана маалымат каражаттарында колдонулат. Башка бир булакта алардын ортосундагы байланыш жана айырма мындайча түшүндүрүлөт: *«Террор – коркутуу жана коркутуп-үркүтүү аркылуу адамдарды кандайдыр бир ой жана кыймыл-аракеттерди кабыл алуу үчүн күч колдонуу. Ал эми террорду саясий ыкма катары кабыл алуу жана колдонуу терроризм»*. [10,35-б]

Терроризм дүрбөлөң сезимин жаратууну, өтө коркунучту жана үрөйдү жаратууну, жазалоону жана коркутууну камтыйт. Коркууну кыска аралыкта жайылтуу менен өмүр же өлүм мотивациясын түзө турган белгилүү максаты бар. Терроризмдеги «саясий зомбулук» феномени мезгил-мезгили менен жана башка жерден башка жерге караганда өзгөрүп турат. Ошентип, терроризмди түзгөн аныктама коомдон коомго, мамлекеттен мамлекетке, ал тургай адамдан адамга ар кандай болушу мүмкүн.

Ушундай эле көйгөйлөр дин менен байланышкан терроризм үчүн да өтүмдүү. Кээ бирөөлөр диний террорчулар деп атагандарды эркиндик үчүн күрөшкөндөр же жакшылыктар катары көрүшөт. Мисалы; Усама бин Ладенди кээ бирөөлөр «Ыйык жоокер» катары көрүшсө, башкалары үчүн ал тарыхта көрүлгөн эң чоң террористтердин бири.[11, 12-б]

**Диний терроризм** террордук актылар аркылуу өзүнүн диний-саясий максаттарына жетүүнү көздөйт. Динге негизделген дискриминация жана өздөрүнүн диний ишенимдерине ылайык түзүлүүчү башкаруу системасынын кыялы бар. Зордук-зомбулукту колдонуу өтө кооптуу формада болушу мүмкүн, анткени ал максаттарга жеткенге чейин диний жактан уруксат/жаиз деп эсептелет: анткени аткарылган нерсе Алла үчүн жасалат. Тактап айтканда, ислам терроризми бүгүнкү күндө жана келечекте эл аралык система үчүн эң чоң коркунуч катары каралууда.[12, 34-б]

Эгер исламий топтор жөнүндө сөз кыла турган болсок, бул уюмдардын глобалдашуунун натыйжасы болгон теңсиздик менен күрөшүүнү гана каалабастан, «Аср-Саадатты (Мухаммед (с.а.в.) доору)» да эңсегени байкалат. Исламдык мотивациялуу радикал уюмдар мурда Ислам географиясында Батыштан алынып келинген либералдык жана социалисттик саясаттардын ийгиликтүү боло албастыгын, бул системалар аймактагы экономикалык жана саясий өнүгүү шариат режимине жетүү үчүн шарият режимин колдонуу керек дешет. Себеби шариат тартибине жетүү үчүн жихаддын маанилүүлүгү баса белгиленген. Постмодерндик Ислам өлкөлөрүндө бул темага карата көз караштар пайда болууда. Анткени радикалдуу ислам уюмдары жихад жана шейиттик түшүнүктөрүн негизги мотивация куралы катары колдонушат.[13,108-б] Алла жолунда согушуп өлүү же өлтүргөн адам бейиш менен сыйланат деген ишеним, мындай типтеги уюмдарда психологиялык элемент катары биринчи орунда турат. Айрыкча Ислам динindeги жихад жана шейит сыяктуу терминдерин Батыш тарабынан башкача чагылдырылышы, Исламдын көбүнчө терроризм менен байланыштырылышына себеп болууда.

Исламдагы «жихад» термини биринчи жолу Батыш тарабынан 11-кылымда крест жортуулдарын мүнөздөгөн Ыйык согуш үчүн колдонулган. Исламдагы «жихад» сөзү биринчи кезекте; Руханий баалуулуктарга, өзгөчө өз напси менен күрөшүүгө карата жүргүзүлгөн бардык жерде Алланын ысмын жана мыйзамдарын алып жүрүүнү максат кылкк «чоң жихад» деп аталат. Исламга жана мусулмандарга күч колдонуу менен багытталган коркунучтарга каршы коргонуу укугун берген түшүнүк – бул «кичине жихад». Жихад сөзүнүн арапчадагы мааниси «аракет кылуу» дегенди билдирет, ошондуктан ал

чагылдырылууга ниеттенген согуш жана зордук-зомбулук эмес, Исламды бардык жерге жеткирүү үчүн Алланын атынан жасалган бардык иштерди камтыйт. Бирок, кээ бир исламий мотивациялуу радикал уюмдар бул түшүнүктү аң-сезимдүү жана системалуу түрдө колдонуп, исламга каршы чыгууда. Кээ бирлери болсо Исламды туура эмес чечмелеп, түшүнгөндүктөн, жихадды куралдуу күрөш катары гана көрсөтүп, муну Алланын ыраазычылыгы үчүн кылып жатабыз деп айтышат.[14, 284-285-б] Бирок Исламдагы согуш коргонуу максатында жана шарттар менен гана чектелет. Куранда айтылгандай: *«Силер менен согушкандар менен Алланын жолунда согушкула. Бирок чектен чыкпагыла. Анткени Алла чектен чыккандарды сүйбөйт»*.[15, 28-б]

«Ислам террору» же «радикалдуу диний террор» деген концептуалдаштырууга келсек, биз терроризмди эч кандай динге же ишенимге байланыштырууга болбойт деген жалпы көз караштын натыйжасында «радикалдуу диний террорго» аныктама берүүнү туура деп эсептейбиз. Радикалдуу диний терроризм, өзгөчө исламдык жүйөдөгү терроризм глобализациянын таасири менен коммуникация, маалымат жана технологиядагы өнүгүүлөрдүн негизинде күч алды.

Жыйынтыктап айтканда жогоруда кыскача радикализм, экстремизм жана терроризм тууралуу маалымат берүүгө аракет кылдык. Алардын түрлөрү жана диний терроризм боюнча сөз кылдык. Ошондой эле ислам дини менен болгон мамилесинде анын орду тууралуу да баяндоого аракет кылдык.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Г.А. Джумабаева, Г.Ж. Карагозуева, И.И. Воронина ж.б. Тарбиялык сааттардын жана класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелери: жалпы билим берүүчү мектептердеги 9-11-класстардын класс жетекчилери үчүн методикалык колдонмо, 2015. 106-109-бб.
2. Kamil Şahin, Türkiye’de Toplumun Radikal Hareketlere Bakış Açısı, Ortadoğu’daki Siyasal Gelişmeler ve Güvenlik, Sakarya Üniversitesi/Sosyal Bilimler Enstitüsü/Sosyoloji Ana Bilim Dalı, доктордук диссертация 2010, 187-б.
3. S. Üşür, Din Siyaset ve Kadın: İran Devrimi, Стамбул, Алан Басылмалары, 1991, 18-б.
4. http://religion.gov.kg/ky/religion_organization/blocked
5. Kamil Şahin, Türkiye’de Toplumun Radikal Hareketlere Bakış Açısı, Ortadoğu’daki Siyasal Gelişmeler ve Güvenlik, 188-б.
6. Р. Эратов, К. Жаркынбаев, Экстремизмге каршы күрөшүү. Имамдар үчүн колдонмо, Бишкек, 2016, 29-б.
7. Г.М.Асанкулова., Исламское Образование Как Средство Противодействия Распространению Радикальных Идей Среди Молодежи Кыргызской Республики. Магистерская Диссертация. Екатеринбург 2020.
8. Mehmet Ali Civelek, Küreselleşme ve Terör, Terör Kavramı ve Gerçeği, Анкара, Утопия басылмалары, 2001, 26-б.
9. Mehmet Ali Bal, Savaş Stratejilerinde Terör, Стамбул, IQ басылмалары, 2003, 30-31-б.
10. Ahmet Şirin, “Terörün Psikolojisi”, Stratejik Öngörü журналы, 7-саны, 2005, 35-б.
11. Feryal Kalkavan, «Dinler ve Şiddet İlişkisi; 11 Eylül Örnek Olayı», (Жарыяланбаган диссертация), Стамбул Университети, 2003, 12-б.
12. David C. Raport, «Fear and Trembling: Terrorism in Three Religious Traditions», American Political Science Review**,** 78/3-саны, (Сентябрь, 1984), 34-б.

13. Hikmet Yüceoğlu, «Terör Kıskacında Şehitlik Anlayışı», İslam'a Göre Terör ve İntihar Saldırıları, Стамбул, Işık Yayınları, 2004, 108-б.
14. Loretta Napoleoni, Modern Cihad, (которгон: N. Domaniç, N. Avhan), Стамбул, Bulut Yayınları, 2004, 284-285-бб.
15. Süleyman Seydi, «İslamî Terör», Strategma Dergisi, Стамбул, 2003, 8-б.

**References:**

1. G.A.Jumabaeva, G.J.Karagozueva, 1.1.Voronina et al.Implementation of education hours and extracurrical activities: methological guide for class leaders of grades 9-11 in general education schools, 2015. Pp.106-109.
2. Kamil Shahin, View of Radical Movements in Turkey, Political Developments and Security in the Middle East, Sakarya University/ Institute of Social Science/ Sociology Department of Science, doctoral dissertation 2010, p.187.
3. S.Ushur, Religion, Politics and Women: Iranian Revolution, Istanbul, field editions, 1991, p.18.
4. http://religion.gov.kg/ky/religion_organization/blocked
5. Kamil Shahin, Turkish Society's Perspective on Radical Movements, Political Developments and Security in the Middle East, p.188.
6. R. Eratov, K. Zharkynbaev, Fighting against extremism. Guide for imams, Bishkek, 2016, p. 29.
7. G. M. Asankulova, Islamic Education as a Means of Counteracting the Spread of Radical Ideas Among the Youth of the Kyrgyz Republic. Master's dissertation. Yekaterinburg 2020.
8. Mehmet Ali Jivelek, Globalization and Terror, The Concept of Terror and Its Reality, Ankara, Utopia Publications,2001, p.26.
9. Mehmet Ali Bal, Terror in War Strategies, Istanbul, IQ editions, 2003, p.30.31
10. Ahmet Shirin, "Psychology of Terrorism", Journal of Strategic Forecast, issue 7, 2005, p.35.
11. Feryal Kalkavan, «The Relationship Between Religions and Violence; Case Study of September 11», (unpublished dissertation), Istanbul University, 2003, p.12.
12. David C. Raport, «Fear and Trembling: Terrorism in Three Religious Traditions», American Political Science Review, 78/3-саны, (September, 1984), p.34.
13. Hikmet Yudzheoglu, «The Conception of Martyrdom in the Clamp of Terror», Terror and Suicide Attacks According to Islam, Istanbul, Yık Publications, 2004, p.108.
14. Loretta Napoleoni, Modern Jihad, (которгон: N. Domaniç, N. Avhan), Istanbul, Bulut Publications, 2004, pp.284-285.
15. Suleiman Seydi, "Islamic Terror", Strategma Magazine, Istanbul, 2003, p.8.